
# КИМ КЫЙЫН?



Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# КИМ КЫЙЫН?

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ким кыйын" (кыргыз тилинде), автор Нурия Умерова, сүрөтчү Айжамал Молдогазиева, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Кто круче?*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom



Көңүл бургула! Көңүл бургула! Урматтуу, Оюндар Шаарынын жашоочулары! Бүгүн биздин шаарда аябай маанилүү окуя болот. Сөөк ойноочуларынын «Достук» фестивалы өтөт. Даңк Дөң сөөсүндө шаардын эң мыкты оюнчулары чогулат. Ар бир конок өзү тууралуу айтып берет,  эмнеге жөндөмдүү экендигин көрсөтөт. Чыдамкай болууну, түртүшпөй турууну суранабыз! – деген үн күчөткүчтөн жарыя угулуп жатты.

Аренанын айланасында ар түрдүү ойнолуучу сөөктөр, кубиктер жана дагы башка коноктор топтолуп турду. Дүйнөнүн туш тарабынан чоң жана кичине, желим, металл, жыгач, кала берсе сөөктөн жасалган коноктор келишти.

Оң жакта мотордун күрүлдөгөнү жана ышкырык угулду. Дөңсөөгө электромобиль менен кычыраган чет элдик конок келип калды.




Машинадан аппак фрак костюм кийген, дене-бою чың Кубик түштү. Ал Мистер Дайс экен. Анын артынан Кара Кубик жана Кызыл Кубик достору секирип түшүп, катарга туруп калышты. Көпчүлүк ызы-чуу болуп, аларды жакындан көрүүгө умтулду.

Андан кийин, чагылгандай тездик менен дүрүлдөгөн машина жете келди. Унаадан бир туугандар Нардылар чыгып, супсулуу, табышмактуу Шахмат Ханышасына түшүүгө жардам беришти. Артынан кара сюртук кийген шамдагай кыз – Шашка түштү.

– Шах-ма-т, Шаш-ки, Нар-ды! – Көрүүчүлөр кыйкырып жатышты.

Айлана толкундап, сөөк оюнчулары буттары менен жер тепкилеп, бири-бирин түрткүлөй башташты.

Ызы-чуу башталганда, аппак машина келип токтоду. Саркеч джынсы, шым, күрмө кийген Чүкө мырза унаадан чыга келди. Артынан анын чүкө достору да түшүштү. Чүкө мырзаны сөөк менен дисктер шалдырата үн чыгарып, колдоп тосуп алышты. Эл аны адептүүлүгү жана чечкиндүүлүгү үчүн сыйлайт.




Капысынан, жарышкан машиналардын күрүлдөгөн үндөрү угулду. Унаанын ичинен фантастикалык костюм кийишкен бою узун сөөктөр ыргып түшүштү. Арасында акылдуу Домино бала да чуркап жүрөт. Көпчүлүктүн алдына ар кандай түстөгү домино сөөктөр өтө тез тизилип туруп калышты. Алар бири-биринин үстүнө чыгып, ар кандай фигураларды жасап көрсөтүштү. Кооз дубал, жомоктогудай ак сарай, бийик мунара сыяктуу формаларды жасап жаткандарына көрүүчүлөр ыраазы болушту.

Көрсөтүү башталды. Башкы фигуралар чыгуу кезегин күтүп турушту.

«Көңүл бургула! Биз бүгүнкү мелдеште сөөк оюндарынын «эң мыктысын» аныктайбыз. Ар бир оюнчуга өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берилет. Андан башка да биз кимбиз, ата тегибиз ким экенин эстегени чогулдук. Антпесек, оюндар салынган кутуда жатып, ким экенибизди да унутуп калдык…

Ошентип, фестивалдын биринчи баскычы – өзү тууралуу баяндап берүү. Биздин биринчи катышуучу…»



– Мен баарынан күчтүүмүн, – деди эң кичүү Чүкө мырза булчуңдарын көрсөтүп. Ыкчам кыймылдайм, – душманды талкалап коюп деле, кебелбей тура берем!

– Биз баарынан акылдуубуз, – тегерекпиз. Биз менен ойноо үчүн акылдуу жана жолдуу болушуңар керек, – деп Нарды төрөлөр жабыла баяндап беришти.


– Меникиндей саркеч кийим эч кимде жок! Мени менен мелдешүү үчүн жолдуу болуу аздык кылат. Стратег болуп, шахмат ойноонун эрежелерин жана этикетин билүү зарыл, – деп Нардылардын сөзүн Шахмат Ханышасы бузду.

– Мен баарыңардан популярдуумун! Эң көп колдоочулар – мен тарапта. Бул эле эмес, төрт чарчымын. Ар бир жагымда бирден алтыга чейин чекиттер бар көп кырдуу келем. Эгер аларды эсептесең, эң көп сан чыгат:

1+ 2 + 3 + 4 + 5 + 6 = 21

Мистер Дайс санап берди.

Мен – жеңүүчүмүн. Мен эң кыйын болгондуктан, силер мелдешке бекер эле катышып жатасыңар!



Ошол убакта сахнага акылдуу Домино бала чыкты.

– Менин  логикам эң эле күчтүү. Менде кара жана ак эки түс бар. Бирок башка түстөгү доминолор да болот. Мен тик бурчтукмун. Эки бөлүктөн жана эки сандын катышынан турам. Мисалы, оң жакта бир, сол жакта алты чекит бар.


Демек, мындайча болот: 1 + 6 = 7

Биз, доминолор, аябай ынтымактуубуз. Эгер менин эки чекитим болсо, эки чекиттүүнү түгөйүмдү издейм. Өзүбүзгө окшошун тапсак, аны менен сөзсүз достошобуз. Издөөнү уланта беребиз. Достук жана колдоо бизди күчтүү кылат.

– Мен кыйынмын! Мени баары билет, керек болсо, “Ютубга” тартыламын. Баары мени тандайт. Достор, колдоп койгула! – деп Дайс ортодон чыга калды.

– Бул жөн гана оюн да. Талашпайлы! Каалаcаңар, силерге тамаша айтып берейин, – деп Чүкө сөзгө аралашты.

Ал талашкандарды жактырбайт. Дайыма аларды элдештиргенге аракет кылат. Бирок аны ызы-чуу болуп, сүйлөтпөй коюшту.




Ошол кезде, капыстан чоң кызгылт бир жан пайда болду. Ал чурулдап жаткандарды байкабагандай, төрт буттап чоң-чоң арыштап келе жатты. Жүндөрү тим эле укмуш жалтырайт. Кокус эле оюн шаарчасынын ортосуна секирип түшүп, барпайган куйругун булгалап кирди. Куту термелип барып, белгисиз жандын салмагынан оодарылып түштү. Бардык оюн сөөктөрү туш-тушка чачырап кетти. Бирөөлөрү алыска ыргыды, башкалары кутунун капталына жабышып калды. Дагы бири бири-бирине карманып турат, кээ бири таптакырэле көрүнбөй жоголду.

Шаарчада тартипсиздик өкүм сүрдү.

– Маруся, сен кайдасың? Мен сени издеп жүрөм! – Бул жерде эмне болуп кетти? – деп Алия мышыгын эркелете сүйлөп, колуна алды.

Сөөк оюндары тынч болупкалышты. Кыз кеткен соң, Домино, Дайс жана Чүкө шаарчанын чачылган жашоочуларын таап, жогору чыгуусуна жардамдашты. Баары аман калышты. Оюндар Шаарчасынын жашоочулары куткаруучуларга ыракмат айтып, кол чаап жиберишти.



– Жалгыз алсызбыз. Чүкө, сен мени менен биргесиңби?

– Ооба, оюнда да, күрөштө да бирге бололу, – деди Чүкө бала.

– Мен да силер менен, деп Кубик Дайс кошулду.

– Бири - бириңди колдоп, урушта жеңүүчү бол! – деп Шахмат Ханышасы өз оюн айтты.

– Мени да командаңарга кошуп алгыла, – деди Шашки.

– Биз ар дайым Шашканын артынан жүрөбүз! – деп сөздү улашты бир тууган Нардылар.

Сөөк оюндары өз командаларын топтоп, көп жылдардан кийин биринчи жолу ынтымактуу бир катарда турушту. Шашки, домино, чүкөлөр, шахмат, нарды жана сөөктөр. Алар мурда достукта, ынтымакта жашаганын жана ким болгондорун эстешти.

– Кандай тартиптүү болуп катарга тизилип калышкан? Балким, апам жыйнап койгон го? – деп Алия кутунун ичин таң кала карап, капкагын жаап койду.



Достуктун күчү – биримдүүлүктө. Ошентип, шаарчанын жашоочулары, фестивалдын жеңүүчүлөрүн аныктай албай коюшту.

Сөөктөр Оюндар Шаарчасында тартипти сактап, ынтымакта жашап калышты. Алар кептин баары күчтө эмес, бири-бирин колдоо маанилүү экендигин түшүнүштү.

Достук жеңди!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов



USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли